**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы
КМТУнун Профсоюз
комитетинин төрагасы
_______ А.А. Абылаева
«23» ___06___ 2023-ж.

**БЕКИТЕМ**
И. Раззаков атындагы
КМТУнун ректору
_______ М.К. Чыныбаев
«___» ______ 20___ -ж.

**КМТШИ адистиги боюнча ҮТҮКТӨӨ КОМПЛЕКСИ МЕНЕН**
**(өнөр жай үтүгү, үтүктөө столу, буу генератору) иштөөдө**
**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин**
**кызматкерлери жана билим алуучулары үчүн эмгекти коргоо боюнча**
**НУСКАМА**

**ЖУМУШ БАШТААРДЫН АЛДЫНДА:**

1. Атайын кийимдерди кийип, чачты жоолукка катып алуу керек.
2. Үтүктүн сайгычынын жана электр шнурунун изоляциясынын бузулбагандыгын текшерүү керек.
3. Жумуш ордун ишке даярдоо, бардык ашыкча нерселерди алып салуу керек.
4. Үтүк үчүн ысыкка чыдамдуу стенддин жана үтүктөөчү жердин жанындагы полдо диэлектрдик килемченин бар экендигине ынануу керек.
5. Тартуучу желдеткичти күйгүзүү же үтүктөөчү бөлмөнү желдетүү керек.

**ИШ УЧУРУНДА:**

1. Электр үтүктү тармакка кошуудан мурун диэлектрдик килемчеге туруу керек.
2. Электр үтүктү тармакка кургак колдор менен гана кошуу жана өчүрүү керек.
3. Иште кыска мөөнөттүү тыныгууларда электр үтүктү жылуулук изоляциялоочу стендге коюу керек.
4. Иштеп жатканда үтүктүн ысык таманы электр шнуруна тийбеши керек.
5. Колду күйгүзүп албаш үчүн үтүктүн ысык металл бөлүктөрүнө тийбөө жана материалды суу менен ашыкча нымдабоо керек.
6. Өрт чыгып кетпеши үчүн тармакка кошулган электр үтүктү кароосуз калтырбоо керек.
7. Үтүктүн нормалдуу иштешин көзөмөлдөө, анын ысып кетишине жол бербөө керек.

**АВАРИЯЛЫК КЫРДААЛДАРДА:**

1. Электр үтүгүнүн ишинде бузулуу пайда болгондо, учкун чыкканда ж.б. дароо үтүктү электр тармагынан ажыратып, бул тууралуу окутуучуга (мастерге) билдирүү керек.
2. Өрт чыккан учурда дароо үтүктү электр тармагынан ажыратып, өрттү өчүрүүнүн алгачкы каражаттарынын жардамы менен өрттү өчүрүүгө киришүү керек.
3. Жаракат алган учурда жабырлануучуга биринчи жардам көрсөтүү, зарыл болгон учурда аны жакынкы дарылоо мекемесине жөнөтүү жана бул тууралуу мекеменин администрациясына билдирүү керек.
4. Электр тогуна урунганда жабырлануучуга биринчи жардам көрсөтүү, эгерде жабырлануучунун дем алуусу жана тамыры жок болсо, анда ага дем алуусу жана тамыры калыбына келгенге чейин жасалма дем алдыруу же жүрөккө кыйыр массаж жасоо жана жабырлануучуну жакынкы дарылоо мекемесине жөнөтүү керек.
5. Телефондордун заряддоочу түзүлүштөрүн туташтырууга болбойт.

**ЖУМУШ АЯКТАГАНДАН КИЙИН**:

1. Электр үтүгүн тармактан ажыратуу, ажыратууда электр шнурун тартпастан, сайгычтан гана кармап сууруу керек.
2. Жумуш ордун тартипке келтирүү.
3. Бөлмөнү нымдуу тазалоо, соргуч желдеткичти өчүрүү же бөлмөнү желдетүү.
4. Атайын кийимди чечип, колду самын менен жакшылап жууш керек.